Макулдашылды:
Өзгөн райондук билим берүү
бөлүмүнүн башчысы:________
И. Шайбеков
27.08 2021 – жыл

Макулдашылды
Көзөмөлчүлөр кеңешинин
төрагасы:________
27.08 2021 - жыл

Бекитемин:
Мектеп директору:
________
Н. Алимбекова
27.08 2021 - ж

# Таабалды Жоробеков атындагы орто мектеби

## 2019 – 2020, 2020 – 2021, 2021 – 2022, 2022 – 2023, 2023 – 2024 – жылдарга түзүлгөн

# СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНЫ

## Стратегиялык пландын мазмуну

- **Киришүү**
- **Стратегиялык пландын паспорту**
- **SWOT-анализ**
- **Стратегиялык пландын максаты**
- **Стратегиялык пландын милдети**
- **Стратегиялык планды ишке ашыруучу иш- чаралар**

**Таабалды Жоробеков атындагы №95 орто мектебинин 2019-2024-жылдарга карата стратегиялык планы**

Таабалды Жоробеков атындагы №95 орто мектебинде бүгүнкү күндө бардык окутуунун жаңы усулдарын издеп,аны тажырыйбага алып,балдардын билим сапатын көтөрүүнүн үстүндө замандын талабына ылайык окутуунун жаны технологияларын мугалимдер өздөрү үйрөнүшүп,сабак өтүүдө пайдаланып иштеп келе жатат.Райондук,облустук масштабда уюштурулган ар кандай кароо-сынактардын, олимпиадалардын ,спорттук мелдештердин түрлөрү боюнча райондо байгелүү орундарды камсыз кылууда.Түштүк регионундагы Ош билим берүү институту уюштурган семинар-тренингдерге мектеп жетекчиликтери,башталгыч класстын мугалимдери, математика,информатика,тарых,кыргыз тили жана адабияты,география предметтеринин мугалимдери барып,жетиштүү деңгээлде билим алышып, тажрыйба топтошуп бүгүнкү күндө алгылыктуу аткарылган иштер райондун бардык мектептерине жана областын мектептерине семинар аркылуу жайылтылып жатат.
**Мектептин миссиясы:** “Окуучуларга татыктуу билим берүү менен мекенчилдикке жана адептүүлүккө тарбиялоо”
**Мектептин милдети:**Акылы тунук, мекенин сүйгөн, эли үчүн күйгөн, жан дүйнөсү бай, билими терең патриоттуу окуучуларды тарбиялоо.

**Стратегиялык пландын паспорту:**

**Стратегиялык планды түзүүнүн нормативтик негиздери**
**- Кыргыз Республикасынын Конституциясы**
- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы
- Кыргыз Республикасынын 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү стратегиясы
- «Мугалимдин статусу жөнүндө»КРнын мыйзамы
- «Балдардын укуктары жөнүндө» Конвенция
- Мектептин Уставы

**Мектептин SWOT- анализи**

| S- күчтүү жактары | W- алсыз жактары |
|---|---|
| Окуу кабинеттери окуучулардын санына туура келет | Мектеп авариялык абалда<br>Олимпиадалык көрсөткүчтүн жогорку денгээлге жетпегендиги |
| Мектеп кадрлар менен камсыз болгон,тажрыйбалуу жана стаждуу кадрлар иштейт | Мектепте лабораториялык реактивдердин жетишсиздиги |

| | |
|---|---|
| Окуучулар үчүн бир спорт зал,спорт аянтчасы, салтанат залы бар | Улуттук музыкалык аспаптардын жетишсиздиги |
| Мугалимдердин компьютердик сабаттуулугу жакшы.Mytest,kahoot, zipgrade,googlemeet, powerpoint,программасым-ништей алышат. | Ата-энелердинбалдардын билимине,тарбиясына убакыт бөлбөгөндүгү |
| | Жаш,күчтүү,өзүнүн предметин жакшы билген эркек кадрлардын мектепке келбөөсү |
| | Окуучулар учун спорт зал,салтанат залынын жоктугу. |
| | |
| **O-мүмкүнчүлүгү** | **Т-коркунучу** |
| Мектепте ЖРТнын жыйынтыгы алдыга жылууда,ошондуктан окуучулардын мектепте 10-11-классты окууну улантуу жакшы денгээлде | Ата-эналердин миграцияга көп кетип , окуучуларга көзөмөлдүн төмөндөөсү |
| Мектепте кошумча билим берүү , ийрим,сабактарга даярдоо иштери уюштурулгандыктан,ата-энелердин мектепке кызыгуусу артылууда | Интернет булактарына балдардын көз карандылыгы |
| Мектептин материалдык – техникалык базасын чындоодо, мугалимдердин жана окуучулардын жетишкендиктерине айылдын чыгаан уул-кыздары демөөрчүлүк көрсөтүп келет. | Балдардын тарбиясын мектепке таңуулоосу |

**Стратегиялык планды түзүүнүн максаты :**
**Окутуу** - тарбиялоого профилдик билим берүүнү өстүрүү менен билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо, окучулардын билим алуусуна заманбап шарт түзүү менен негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу, инсандык сапаттарга тарбиялоо, мамлекеттик стандарттардын талабына ылайык жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашыруу.

**Стратегиялык пландын милдети:** Мугалимдердин профессионалдык компетенттүүлүгүн жогорулатуу менен билим берүүдө алдынкы тажрыйбаларды жана жаңы технологияларды пайдаланып окуучулардын билим сапатын көтөрүү .
Мектептин матеиалдык-техникалык базасын чындоо жана маалымат- технологиялык потенциалын жогорулатуу.
Кошумча билим берүүнүн сапатын жогорулатуу аркылуу окуучулардын кызыгуусун арттыруу,профилдик билим берүү менен ЖОЖдорго даярдоо.

Мектепте маданий- массалык иштер жана спорттук секцияларды жогорку денгээлде уюштуруу менен жашоонун сергек мүнөзүнө,улуттук жана жалпы адамзаттыкбаалуулуктардын негизинде адеп ахлактуу,маданияттуу,окуучуларды тарбиялоодо коомчулук,ата-энелер менен байланышты жүргүзүү.

Окуучуларды айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоого,жаратылышты коргой билүүгө жана жаратылышты сүйүүгө,маданияттуулука калыптандыруу.

## Стратегиялык планды ишке ашыруунун иш- чаралары

### I бөлүк

### Мугалимдердин профессионалдык компетенттүүлүгүн жогорулатуу менен билим берүүдө алдынкы тажрыйбаларды жана жаңы технологияларды пайдаланып,окуучулардын билим сапатын көтөрүү.

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | | | | | Ким жооптуу | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 | 2022-2023 | 2023-2024 | | |
| 1 | КРнын билим берүү стандартына жана нормативдик документтерине ылайык окуу программасын пландоо | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги | Билим берүүнүн талаптарына ылайык түзүлөт |
| 2 | Усулдук бирикмелердин ишин жакшыртуу аркылуу мугалимдердин чыгармачылык менен иштөөсүнө жетишүү | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги, усулдук бирикме | Усулдук бирикмелердин иши алдыга жылат |
| 3 | Мектепте инновациялык усулдарды колдонуунун перспективалык өнүгүү планын иштеп чыгуу | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги, усулдук кеңеш | Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу артат |
| 4 | Мугалимдер үчүн методикалык колдонмолорду , дидактикалык материалдарды толуктоо | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги, мугалимдер | Окуучулардын жеткиликтүү билим алуусуна өбөлгө түзөт |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Окуу кааналарын заманбап технологиялар менен жабдуу:<br>- телевизор<br>-интернет түйүнү<br>- проектор<br>- интерактивдүү доска<br>- ноутбук | + | +<br>+<br>+<br>+ | +<br>+<br>+ | +<br>+ | + | Мектеп жетекчилиги, мугалимдер, демөөрчүлөр, жолугушууга келгендер | Алдынкы технология-ларды пайдалануу менен окуучулардын билим сапаты жогорулайт, маалымат алуу мүмкүнчүлүктөрү кеңейет,окуучулардын коопсуздугу көзөмөлдөнөт |
| 6 | Квалификациясын жогорулатуу курстарына,семинар-тренингдерге,мастер класстарга жана түрдүү иш чараларга катышуу менен мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги, мугалимдер | Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу менен окуучулар терең билим алат |
| 7 | Алдынкы педагогикалык тажрыйбаларды жайылтуу максатында мастер-класстарды өткөрүү жана автордук программаларды иштеп чыгуу | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги, чыгармачыл мугалимдер | Мугалимдер арасында тажрыйба алмашылып сапаттык көрсөткүч өсөт |
| 8 | Жогорку окуу жайларын мыкты бүтүргөн,чыгармачыл жаш адистерди мектепке тартуу | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги | Мектеп сапаттуу кадрлар менен толукталат |
| 9 | Окуучуларды окуу китептери менен толук камсыздоо | + | + | + | + | + | Мектеп четекчилиги, китепканачы, камкорчулар кенеши | Окуучулардын толуккандуу билим алуусуна шарт түзөт |
| 10 | Мектепте электрондук китепкана түзүү | | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги, китепканачы, камкорчулар кенеши | Окуучулардын өз алдынча китеп окуп, маалымат топтоп,билим алуусуна шарт түзөт |
| 11 | Окуучулардын билим алуу денгээлин текшерүү үчүн ай сайын мониторинг жүргүзүү | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги, мугалимдер | Окуучулардын билими көзөмөлдөнөт жана жогорулатуу |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | чаралары көрүлөт |
| 12 | Түрдүү багыттагы окуу борборлору мене ниш алып баруу:<br>- Калем КО<br>- Секом<br>- Тез окуу<br>- Рекорд ж.б. | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги, камкорчулар кеңеши, демөөрчүлөр | Окуучулардын ар тараптуу,терен,өз алдынча билим алуусуна шарт түзөт |

## II бөлүк

### Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана маалымат-технологиялык потенциалын жогорулатуу.

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | | | | | Ким жооптү | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2020- | 2021- | 2022- | 2023- | 2024- | | |
| 1 | Өрт коопсуздугунун жана санитардык-гигиеналык ченемдерге ылайык мектепте базаны уюштуруу | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги | Мугалимдердин жана окуучулардын ден-соолугу жана коопсуздугу сакталат |
| 2 | Мектептин айланасын темир тосмо менен улантып тосуп бүтүрүү, видеокөзөмөл орнотуу | | | | | + | Мектеп жетекчилиги | Окуучулардын коопсуздугу сакталат |
| 3 | Мектепте географиялык участканы түзүү | | | + | + | | Мектеп жетекчилиги, география мугалими, демөөрчүлөр | Дүйнө таанымы кеңейип теория менен практиканы айкалыштырууга көнүгүшөт |
| 4 | Сырткы футбол аянтын бүтүрүү | | | + | | + | Мектеп жетекчилиги. | Окуучулардын спортко болгон кызыгуусу артат |
| 5 | Интерактивдүү доскалардын санын көбөйтүү | | | + | + | | Мектеп жетекчилиги, демөөчүлөр, | 1-4-класстардын тамак-ашынын сапаты жогорулайт |
| 6 | Мектепте гүлдөрдүн бөлмөсүн уюштуруу, бөлмө гүлдөрүнүн түрлөрүн көбөйтүү жана сырткы аянтчаларга гүлдөрдү өстүрүү | | | | + | + | Мектеп жетекчилиги, биология мугалими. | Окуучулар эмгекке тарбияланат, гүл өстүрүүнүн сырларын билишет |
| 7 | Мектепте эс алуу | + | + | + | + | | Мектеп | Окуучулар бош |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | аянтчасын уюштуруу | | | | | | жетекчилиги, Демөөчүлөр. | убактысын туура пайдаланып, маданияттуу эс алууга үйрөнүшөт |
| **8** | Жаны мектепти бүткөрүп,ишке киргизүү | | | | + | + | Мектеп жетекчилиги, демөөчүлөр | Окуучуларга ыңгайлуу шарт түзүлөт |
| **9** | Спорт залды спорт инвентарлары менен толук камсыз кылуу | | | | | + | Мектеп жетекчилиги, демөөчүлөр. | Окуучулар жашоонун сергек мүнөзүнө калыптанат |
| **10** | Мектепте жаңы маркадагы компьютерлердин санын көбөйтүү | | | | + | + | Мектеп жетекчилиги, демөөчүлөр | Мугалимдердин, окуучулардын иш кагаздарын жүргүзүү электрондошот, системалашат, женилдейт |

## III бөлүк

## Окуучуларга кошумча билим берүүнүн сапатын жогорулатуу аркылуу окуучулардын кызыгуусун арттыруу билим берүү менен ЖОЖдорго даярдоо

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | | | | | Ким жооптуу | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 | 2022-2023 | 2023-2024 | | |
| **1** | Профилдик предметтер боюнча ЖОЖдор менен байланышып,окуучуларды кесипке даярдоо | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги | Окуучулар кесипке туура багыт алат |
| **2** | Ийримдин иш пландарын жандандыруу | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги ,ийрим жетекчилери | Предметтик ийримдердин сапаты жакшырат, окуучулардын тартылуусу күчөйт |
| **3** | Ийримдерде окуучуларга тарыхый жерлерге экскурсия,өндүрүштүк практика,жолугушууларды уюштуруу | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги , ийрим жетекчилери | Окуучулардын теориялык билими практика менен айкалышат |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Предметтер боюнча предметтик жумалыктар, интеллектуалдык конкурстар, кечелер,илимий конференцияларды уюштуруу | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги , мугалимдер | Окуучулардын дүйнө таанымы өсөт жана жаны идеяларды иштеп чыгышат |
| 5 | Мектепте чыгаан окуучулар арасында олимпиадалык борбор уюштуруу | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги , предеттик мугалимдер | Мектептин олимпиадалык көрсөткүчү өсөт |
| 6 | Таланттуу окуучулардын чыгармачылык борборун уюштуруу<br>- Жаш техник<br>- Жаш калемгер<br>- Жаш сүрөтчү<br>- Билерман ордо<br>- Жаш футболчу, волейболчу, баскетболчу<br>- Жаш бийчи(ыр,бий кружогу) | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги , чыгармачыл мугалимдер | Окуучулардын чыгармачылыгы өнүгөт,мектепке тартылуусу күчөйт,бош убактылары туура пайдаланылат |
| 7 | Райондун борборундагы социалдык өнөктөштөр менен тыгыз иш алып баруу:<br>- Райондук китепкана<br>- Балдардын чыгармачылык борбору<br>- Музыкалык мектеп<br>- Балдардын жана өспүрүмдөрдүн спорттук мектеби | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги ,мугалимдер | Мугалимдер тажрыйба алмашат жана окуучулардын дүйнө таанымы өсөт,достошот |
| 8 | ЖРТга окуучуларды үзгүлтүксүз даярдоо:<br>- Секом тесттери менен иштөө<br>- Ыктыярдуу тестке катышуу<br>- Онлайн тесттер менен иштөө | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги , мугалимдер | ЖРТ боюнча көрсөткүч өсөт,бүтүрүүчүлөр ЖОЖдордун гранттык орундарына ээ б-т |
| 9 | Окуучулардын сабакка даярдануусунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу<br>- Начар окуган окуучулар | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги , мугалимдер | Окуучулардын билим сапаты жогорулайт |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | менен жекече иштөө<br>- Зээндүү окуучулар менен жекече иштөө<br>- Окуучулардын сабакка дайыма чыгармачылык менен даярдануусун калыптандыруу | | | | | | | |

## IV бөлүк

## Мектепте маданий-массалык иштерди жана спорттук секцияларды жогорку денгээлде уюштуруу менен жашоонун сергек мүнөзүнө, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде адеп-ахлактуу, маданияттуу окуучуларды тарбиялоодо коомчулук, ата-энелер менен байланышта иш жүргүзүү

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | | | | | Ким жоопту | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | | |
| 1 | Мектептин өзүн-өзү башкаруу уюмунун ишин жогорулатуу | + | + | + | + | + | Организатор, МЖУнун жетекчиси | Окуучулар кесипке туура багыт алат |
| 2 | Мектепте түрдүү тарбиялык,класстан тышкаркы иш чараларды жогорку денгээлде уюштуруу<br>- Чыгармачылык кечелер<br>- Конкрустар<br>- Конференциялар<br>- Экскурсиялар | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги, мугалимдер. МЖУ | Окуучулардын инсандык калыптануусу өсөт |
| 3 | Мектепте даталуу күндөрдү белгилөө:<br>- 1-сентябрь-Билим күнү<br>- 23-сентябрь-Мамлекеттик тил күнү<br>- 1-октябрь- Карыялар күнү<br>- 5-октябрь -Мугалимдер күнү<br>- 1-ноябрь-Милициялар күнү<br>- 7—ноябрь-Ата-бабаларды эскерүү күнү<br>- 1-декабрь-СПИДге каршы күрөшүү күнү<br>- 10-декабрь-Адам укугун | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги, мугалимдер МЖУ | Окуучулардын мекенчил сезими өнүгөт,жалпы адмзаттык баалуулуктары калыптанат |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | коргоо күнү<br>- 12-декабрь Адабият күнү<br>- Балаты майрамы<br>- 12-январь-<br>Р.Абдыкадыровдун туулган күнү<br>- 15-февраль-Афганчылар күнү<br>-21-февраль-Эне тил күнү<br>-23-февраль Ата Мекенди коргоочулар күнү<br>-8-март-Эл аралык аялдардын күнү<br>21-март-Нооруз майрамы<br>-Канаттуулар майрамы<br>-1-май-Бүткүл дүйнөлүк эмгекчилердин күнү<br>-5-май-Конистиуция күнү<br>-9-май-Жениш күнү<br>-15-май-МЖУнун туулган күнү<br>-25-май-Акыркы конгуроо | | | | | | | |
| 4 | Мектептин турмушунун жетишкендиктерин коомчулукка жайылтуу максатында массалык маалымат каражаттарына чагылдырып туруу<br>-Кут билим<br>-Билим булагы<br>-Мугалимдер дүйнөсү<br>-Курдаш журналы<br>-ЭлТР | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги | Мектептин жетишкендиктери менен коомчулук кабардар болот |
| 5 | Ата-энелер менен мектептин ортосундагы байланышты күчөтүү<br>-Графиктин негизинде ата- энелерди сабактарга катыштыруу<br>-«Окуу керемет» долбоорлорунун негизинде түрдүү сынактарды уюштуруу<br>-Ата-энелер байланышуу | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги, мугалимдер, класс жетекчилер | Ата-энелер, коомчулуктун мектеп турмушу менен байланышы күчөп, мектепке болгон ишеним артат.<br><br>Окуучулардын коопсуздугу көзөмөлдөнөт |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | үчүн электрондук күндөлүктү киргизүү<br>-Мектеп турмушун коомчулукка жана ата-энелерге, бүтүрүүчүлөргө тааныштыруу максатында интернет булактарына (мектептин электрондук баракчасы,фейсбук,ватсап,инстаграмм ж.б) жүктөө | | | | | | | |
| 6 | Мектептин айлана-чөйрөсүн көрктөндүрүү<br>-Гүл өстүрүүчү аянттарды жанылоо<br>-Декаративдик бак-дарактарды өстүрүү<br>-Бак-дарактарды бутоо, кыйыштыруу<br>Мектептин ички көрктөндүрүүсүн уюштуруу (класстар, кабинеттер, фойелер) | + | + | + | + | + | Мектеп четекчилиги, класс жетекчилер, техникалык кызматкерлер | Окуучулар табият менен таттуу мамиледе болууга үйрөнүшөт, эмгекке тарбияланышат.Эстетикалык табити өнүгөт. |
| 7 | Окуучулар арасында спорттук мелдештерди, спартакиадаларды , эстефеталарды уюштуруу | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги, дене тарбия мугалимдер, демөөрчү-лөр | Жашоонун сергек мүнөзүнө калыптанышат |
| 8 | Окуучулар арасында маданий-массалык иштерди уюштуруу<br>-«Жаш талант»<br>-«Атам апам жана мен»<br>-«Эр жигит эл четинде жоо бетинде»<br>-«Кана эмесе, кыздар ай»<br>-«Мыкты окуучу»<br>-«Мыкты сүрөтчү»<br>-«Мыкты бийчи» | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилиги, МЖУ | Окуучулардын чыгармачылык жөндөмү,сахна чеберчилиги өсөт |

№95 Таабалды Жоробеков  атындагы орто мектеби

Кара-Тарык айылы

Педагогикалык кеңешменин көчүрмөсү.

Катышканы; -17

Президиум:

1.Алимбекова Назира Үсөновна  мектеп директору, кеңешменин төрайымы

2. Ж. Тажибаева профком кеңешинин мүчөсү

3. М. Кожошова орус тил, адабияты кеңешменин катчысы

1. №95 Т.Жоробеков атындагы орто мектебинин 2019-жылдан 2024-жылга чейин түзүлгөн стратегиялык планын кабыл алуу жөнүндө

Угулду:

1.Кун тартибиндеги маселе боюнча мектептин директору Алимбекова Назира Үсөновна билдирүү жасады. Ал өз сөзүндө мектептин миссиясын жана максатын аныктап түзүү боюнча жана мектептин миссиясы менен максатын ишке ашыруу үчүн төмөндөгү төрт бөлүк боюнча иш алып барылат.

1 1-бөлүк. Мугалимдердин профессионалдык компетенттүүлүгүн жогорулаттуу менен билим берүүдө алдыңкы тажрыйбаларды жана жаңы технологияларды пайдаланып,  окуучулардын билим сапатын көтөрүү.

2 2-бөлүк. Материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана маалымат-технологиялык потенциалын жогорулатуу.

3 3-бөлүк. Окуучуларга кошумча билим берүү сапатын жогорулатуу аркылуу окучуулардын кызыгуусун арттыруу билим берүү менен ЖОЖдорго даярдоо.

4 4-бөлүк Мектепте маданий-массалык иштерди жана спорттук секцияларды жогорку деңгээлде уюштуруу менен жашоонун сергек мүнөзүнө, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде адеп-ахлактуу, маданияттуу окуучуларды тарбиялоодо коомчулук, ата-энелер менен байланышта иш жүргүзүү. Ар бир бөлүк боюнча аткарылуучу иштер, мөөнөттөрү жооптуу адамдары жөнүндө кеңири тааныштырып өттүү. Жарыш сөзгө мектептин профсоюз уюмунун төрайымы Тажибаева Жаңылкан башталгыч классынын мугалими Мусакулова Рабия чыгып сүйлөп мектептин стратегиялык планы эң сонун түзүлгөн  жана аткарылуучу иштерге макул экендиги билдирди. Калган баардык мугалимдер бир добуштан колдошту. Жарыш сөзгө чыккандардын ой пикирин угуп талкуулап педогогикалык кеңешме төмөндөгүдөй токтом кылат.

Токтом:

1.Мектептин 2019-жылдан 2024-жылга чейин түзүлгөн страегиялык планы кабыл алынсын жана бекитилсин.

2.Мектептин стратегиялык планындагы иш чаралар өз мөөнөтүндө аткарылышы белгиленсин.

3.Токтом аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы мектеп администрациясына жүктөлсүн.

Пед. Кеңешменин төрайымы: Алимбекова Назира Үсөновна

Пед кеңешменин катчысы: Кожошова Миргүл